# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү кигизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүү жөнүндө сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2016-жылдын 28-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы Э. Т. Мамыров, Ч. А. Айдарбекова, Ч. О. Осмонованын курамында, катчы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП парламенттик фракциясынын сунуштамасын карап чыгып,

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 23-сентябрында КСДП парламенттик фракциясынын 2016-жылдын 19-сентябрындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына сунуштама киргизүүгө укуктандырылган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын лидери И. Ш. Омуркуловдон Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП, «Республика – Ата-Журт» жана «Кыргызстан» фракцияларынын депутаттары менен

демилгеленген «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү кигизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүү жөнүндө сунуштама келип түшкөн.

Сунуштамадан жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, сунуштама Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн 3-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 23-беренесине ылайык киргизилүүдө.

Кайрылуунун субъекти аталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 114-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацына ылайык демилгеленген жана 2016-жылдын 23-сентябрында № 6-22317/16 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратында катталган деп белгилейт.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү кигизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун негиздеме-маалымкатына ылайык конституциялык жоболордогу кээ бир маселелерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүүсүз жөнгө салуу мүмкүн эмес. Демилгелөөчүлөрдүн пикири боюнча бул маселелердин чечилбей жатышы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүн жана коопсуздугун камсыз кылууда тоскоолдук жаратууда. Демилгелөөчүлөр киргизиле турган өзгөртүүлөр айрым жоболордун Конституциянын жалпы башаты жана мааниси менен болгон карама-каршылыктарын парламенттик демократиянын маани-маңызын өзгөртпөстөн, бардык жакшы жетишкендиктерди сактоо менен жоюшат, ошондой эле жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга тиешелүү түрдө чара көрүү үчүн зарыл

болгон конституциялык негизди түзүшөт деп эсептешет. Сунушталып жаткан өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын жана эгемендигин, парламентаризмди чыңдоого, мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бутактарынын ортосундагы өз ара аракеттенүү принциптерин тактоого, ошондой эле сот реформасы жана укук коргоо органдарын реформалоо үчүн конституциялык негизди өркүндөтүүгө багытталган.

Баяндалганды эске алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутунду берүүнү суранат.

Судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын сунуштамасын жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде сунуштаманы текшерген судья Э. Т. Мамыровдун маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясы келтирген сунуштама жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 18, 20, 23, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына ылайык келет.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүн, 18-беренесинин 1-бөлүгүн, 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Э. Т. Мамыров

Ч.А. Айдарбекова

Ч. О. Осмонова

№ 11-пп